КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

________________________№__________ Бишкек ш.

## Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына кадрлар резервине ачык конкурс өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 13-февралындагы № 43 “Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарына кадрлар резервин түзүү жана анын иштөөсү жөнүндө” Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – Агенттик) жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. 2026-жылдын 28-сентябрынан 2-октябрына чейин (кошуп алганда) мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс жарыялансын.

2. Кадрлар резервдерин түзүү бөлүмү конкурска байланыштуу тиешелүү уюштуруу иштерин жүргүзсүн жана зарыл болгон жол-жоболорду камсыз кылсын.

3. Төмөнкүлөр бекитилсин:

– мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлерди кадрлар резервине киргизүү боюнча конкурстун тесттик тапшырмаларына киргизилүүчү ченемдик укуктук актылардын тизмеси 1-тиркемеге ылайык;

– талапкерлерди кадрлар резервине киргизүү боюнча конкурстун тесттик тапшырмаларынын форматы жана саны 2-тиркемеге ылайык.

4. Тестирлөө бөлүмү талапкерлерди мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына кадрлар резервине киргизүү боюнча конкурстун тесттик тапшырмаларын түзүүдө ушул буйрукту жетекчиликке алсын.

5. Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ушул буйрукту тиешелүү тиркемелери менен бирге Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Б.С. Усеналиевага жүктөлсүн.

**Директордун милдетин убактылуу аткаруучу, директордун орун басары** **Р.А. Кубаталиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



№ 01-23/270, 28.09.2026

Кол койгон: Кубаталиев Р.А.